**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

**2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 17-декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту курамында: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев Конституциялык соттун ишин натыйжалуу уюштуруу максатында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 8-бап. «Ишти кароого даярдоо жана дайындоо»:

а) 44-пунктунун 2-пунктчасында суроолорду» деген сөздөрдөн кийин «, анын ичинде онлайн форматында» деген сөздөр менен толукталсын;»;

б) 8-бап төмөнкүдөй мазмундагы $44^1$-пункт менен толукталсын:

«$44^1$. Эгерде ишти кароого даярдоо жана дайындоо онлайн режиминде жүргүзүлсө, катышуучуларга мындай режимге кошуунун бардык техникалык маалыматтары жана алардын катышуусунун жазуулары колдонулаары (алар үчүн

түшүндүрмөлөр, аларды сурамжылоо жана катышуунун башка формалары) жөнүндө маалымдалат.»;

2) 10-бап. «Конституциялык сотто иштерди кароонун тартиби»:

а) «Иштерди оозеки отурумдарда кароо» деген §1 параграфтын 83-пункту төмөнкүдөй мазмундагы жаңы абзац менен толукталсын:

«Отурумдун аудио жана видео жазуулары Конституциялык соттун расмий сайтында жана мыйзамдарда белгиленген тартипте башка платформаларда жайгаштырылышы мүмкүн.»;

б) Иштерди жазуу жүзүндөгү процедура боюнча кароо» деген §5 параграфтын 104-пунктунда:

– 104-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

«3) «иштин чечилиши көз каранды болгон ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу жөнүндө маселе келип чыккан учурда соттун (судьянын) кайрылуусу боюнча;»;

– 104-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 6-пунктча менен толукталсын:

«6) укук колдонууда көйгөйлөр пайда болгондугунан улам Конституциялык соттун чечимине, корутундусуна түшүндүрмө берүү тууралуу.»;

в) $105^1$-пункт күчүн жоготту деп табылсын;

г) төмөнкүдөй мазмундагы $110^1$-пунктча менен толукталсын:

«$110^1$. Конституциялык соттун чечимдери жана корутундулары соттун өзү тарабынан расмий түрдө түшүндүрүлүшү мүмкүн. Мындай кайрылуу келип түшкөндө Конституциялык сот өзүнүн чечимин, корутундусун түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүн өзү аныктайт.

Чечимге, корутундуга түшүндүрмө берилген учурда Конституциялык сот токтом кабыл алат, ал мындай чечимдин, корутундунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.».

2. Бул токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында жарыялансын».

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

**№ ______**